«БЕКИТЕМИН»
КР УИА А. Алтмышбаев атындагы
Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институтун директору, философия илимдеринин доктору, профессор Саралаев Н.К.

**№ 3 протоколунан көчүрмө**

Бишкек ш. 2020-ж. 18 январь

**Катышкандар**: саясий (юридика) илимдеринин доктору, доцент К. Азиз; саясий илимдеринин кандидаты Абдраманова Ч.Ш.; юридика илимдеринин доктору, профессор Кулдышева Г.К.; юридика илимдеринин кандидаты, доцент Арабаев Р.А.; саясий илимдеринин доктору, профессор Ж.Ж. Жоробеков; юридика илимдеринин доктору, профессор А.М. Жоробекова; юридика илимдеринин кандидаты Кадырова Ч.А.; юридика илимдеринин кандидаты, доцент А.Б. Каримов, аспиранттар жана башкалар.

**Отурумдун төрагасы**:
саясий (юридика) илимдеринин доктору, доцент К. Азиз;

**Отурумдун катчысы**:
саясий илимдеринин кандидаты Абдраманова Ч.Ш.

**Күн тартибинде**:

12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алууга даярдалган **Кулдышев Аманбек Шерипбековичтин "Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын иш-аракеттеринин теориялык-укуктук маселеренин жөнгө салуу"** темасындагы диссертациясыны талкуулоо.

Угулду:

**Отурумдун төрагасы**: Урматтуу отурумдун катышуучулары! Бидзин илимий-изилдөө институтунда даярдалган 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы

адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасына изденүүгө көрсөтүлгөн изденүүчү **Кулдышев Аманбек Шерипбековичтин “Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын иш-аракеттеринин теориялык-укуктук маселеренин жөнгө салуу”** темасындагы кандидаттык диссертациясы алдын ала берилген. Илимий жетекчиси: юридика илимдеринин доктору, профессор Джоробекова А.М.

Менимче аталган тема кызыктуу, актуалдуу, диссертабилдүү темалардан деп ойлойм. Автордун диссертациясы жана автореферaты алдынарда. Диссертациялык иш жана автореферат менен таанышууга күн мурунтан эле берилген.

**Кулдышев А.Ш.**: Чоң рахмат! Сиздер уруксат берсеңиздер диссертациялык изилдөөмдүн негизги мазмуну менен тааныштырсам.

Биздин мамлекетибиздин коопсуздук жана коргонуу системасынын тийиштүү деңгээле иштеп турuусу, калктын тынч жана жакшы жашоосу, алардын мыйзам чегиндеги укуктарынын, кызыкчылыктарынын жана эркиндигинин сакталышы Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин, укук коргоо органдарынын, жалпы эле мамлекеттик бийлик органдарынын натыйжалуу иш-аракеттери аркылуу камсыз болот.

Мамлекеттин ички жана сырткы саясаттарындагы багыттарды кайрадан карап чыгуу, геосаясий жана геостратегиялык өзгөрүүлөр мамлекеттин ички коопсуздугун камсыз кылуу системасындагы жаңы ыкмаларды талап кылууда жана мында ички иштер органдарынын иш-аракеттерине жана алардын алга карай умтулган демилгелүүлүктөрүнө чоң жоопкерчиликтер жүктөлөт.

Аталган реформалардын турмушка ашырылуусунда ички иштер органдары менен калктын, мамлекеттик бийлик органдарынын өз ара мамилелери, коомдук коопсуздукту сактоодогу алардын биргелешкен аракеттери чоң мааниге ээ.

Дүйнөнүн демократиялык мамлекеттеринин ички иштер органдарынын иш-аракеттерин калкка жана коомчулукка кызмат көрсөтүүнүн бир түрү катары кабыл алышкандыгын эске алуу менен биз да күч структураларынын кызматкерлеринин кызматтары - кылмышкерди жазага тартуу гана эмес кылмыштуулуктун алдын алуу, калкка укуктук жана социалдык жактан жардам көрсөтүү деген түшүнүккө өтүүбүз, укук коргоо органдарына жана алардын кызматкерлерине болгон калктын ишенимин жана урмат-сыйын калыптандыруубуз зарыл.

Көпчүлүк окумуштуу-юристтердин эмгектеринде ички иштер министрлигиндеги, башкармалыктарындагы жана органдарындагы мамлекеттик деңгээлдеги башкаруунун калыптануу жана өнүгүү проблемалары анализге алынган, бул башкаруунун системасы жана маани-маңызы, анын ишке ашырылуу өзгөчөлүктөрү аныкталган.

Албетте, юриспруденция тармагын изилдөөгө алган окумуштуулар ички иштер органдарындагы ички коопсуздукту сактоону камсыз кылууну башкаруунун теориялык проблемаларын изилдөөгө алышкан. Бирок да, илимий-юридикалык адабияттарда мамлекеттик башкаруу системасындагы, анын ичинде, ички иштер тармактарындагы кескин өзгөртүүлөрдү жүргүзүүгө

байланышкан практикалык рекомендациялар дайыма эле келтириле бербейт. Чындыгында, кайсыл бир аткарылып жаткан жумуштарга сын айтуу, ага талдоо жүргүзүү салыштырмалуу түрдө бир топ жеңил, бирок ал жумуштардын жана кызматтардын натыйжалуулугун көтөрүүгө багытталган практикалык конкреттүү сунуш-пикирлерди берүү бир топ татаал. Айрым оппозициялык маанайдагы саясатчыларыбыз мен президент болгондо республикадагы коррупцияны бир күндө жок кылар элем деп да күлкүгө калышууда.

Учурда ички иштер органдарынын кызматкерлеринин психологиясын түп тамырынан повитивдик багытта өзгөртүүнүн, алардын күндөлүк кызматтарындагы коррупцияны биротоло жок кылуунун, калктын аларга болгон ишенимин көтөрүүнүн келип чыккан зарылдыктары ички иштер органдарынын иш багыттарын изилдөөгө алууну шарттап жатат. Ички иштер органдарын техникалык, кадрдык жана укуктук жактан толук жабдуу менен алардын иштеринин натыйжалуулугунун көтөрүлүүсүн күтүүгө болот.

Илимий аспектиден алып караганда, Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын коомдук укук тартиптерин сактоодогу иш-аракеттерине алгылыктуу реформаларды жүргүзүү проблемаларын изилдөөгө алуу алардын күндөлүк кызматтык иш-аракеттери менен тыгыз байланышкан. Бул планда КРнын ички иштер органдарынын иш-аракеттери кандай укуктук негиздерде курулгандыгын терендеп түшүнүү, ага туура баа берүү абдан маанилүү. Биз изилдөө үчүн колго алган маселелер жана тандап алган темабыздын актуалдуулугу укук тартиптерин сактоонун теориялык негиздерин, алардын мыйзамдык актыларда берилүүсүн, нормативдик укуктук актыларды иштеп чыгуудагы жана даярдоодогу Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигининин ордун жана кызматын изилдөөгө алууга негизделди.

Диссертациялык изилдөө жүргүзүүгө киришүү алдында Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарында жүргүзүлүп жаткан реформалардын өзгөчүлүктөрүнө анализ жасоону, алардын айрым артыкчылык-кемчиликтерин аныктоону, өлкөбүздүн ички иштер органдарынын мурунку, азыркы, келечекте күтүлүүчү абалдарын, алардын укуктук принциптерин, өз мезгилдериндеги коомдо алган ордун изилдөөгө алууну, күч структураларынын кызматкерлеринин коомдук тартипти сактоодогу иш-аракеттеринин натыйжалуулугун көтөрүү боюнча сунуш-пикирлерди иштеп чыгууну өз алдыбызга максат кылып койдук.

Диссертациялык изилдөө жүргүзүү жана анын алдыга коюлган максаттары төмөнкүдөй милдеттерди чечүүнү талап кылды:

– Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын иш-аракеттеринин теориялык-методологиялык негиздерин ачып көрсөтүү;

– Кыргыз Республикасынын бийлик органдарындагы жана башкаруу системасындагы ички иштер органдарынын ордуна жана кызматтык милдеттерине анализ жасоо;

– ички иштер органдарына реформаларды жүргүзүүнүн теориялык моделдерин иштеп чыгуу, алардын коомчулук тарабынан кабыл алынгандарын ишке киргизүүгө жетишүү;

– ички иштер органдарына, алардын учурда жүргүзүп жаткан иштерине функционалдык мүнөздөмө берүү;
– ички иштер органдарынын иштерин өркүндөтүүнүн негизги багыттарын иштеп чыгуу;
– ички иштер органдарынын статусун укук коргоо багыттарындагы социалдык шериктештиктин субъектиси катары ачып берүү;
– ички иштер органдары менен жарандык коомдун шериктештик мамилелерин өнүктүрүүнүн багыттарын аныктоо;

**Изилдөөнүн объектиси** – Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын иш-аракеттерин укуктук жактан тартипке салуучу коомдук мамилелер.

**Изилдөөнүн предмети** – Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын иш-аракеттеринин укуктук принциптери жана аларды анализге алуу менен ички иштер структураларына реформаларды жүргүзүүнүн алгылыктуу сунуштарын иштеп чыгуу.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңычылдыгы** диссертациянын темасынын актуалдуулугу, изилдөө иштерин жүргүзүү учурунда алынган фактылык материалдар жана натыйжалар, алардын мазмуну, буга чейин Кыргыз Республикасында изилдөөгө алына элек проблемалардын козголгондугу, республиканын ички иштер органдарына реформа жүргүзүүнүн айрым методдорунун жана ыкмаларынын иштелип чыккандыгы, алардын тиешелүү күч органдарына сунушталгандыгы менен аныкталып турат.

Биздин диссертациялык изилдөө иштерибизде ата-мекендик юридикалык адабияттардын жана изилдөөлөрдүн ичинен алгачкы жолу Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарына реформа жүргүзүүнүн шарттарындагы алардын иш-аракеттеринин уюштурулушунун теориялык принциптерине комплекстүү түрдө изилдөө жүргүзүлдү.

**Диссертациянын коргоого алынып чыгылган негизги жоболору:**

1. Ички иштер органдарынын иштеринин ачык-айкындуулугун камсыз кылуу багытындагы мыйзамдарды өркүндөтүү жана жакшыртуу үчүн төмөнкүдөй милдеттердин аткарылышы зарыл деген жыйынтыктарга келдик:

– Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин деңгээлинде калкка жарыя кылына турган жана жашыруун сактала турган фактылык материалдардын чектерин иштеп чыгуу;

– Кыргыз Республикасынын "Ички иштер жөнүндөгү" мыйзамынынын "ички иштер органдарынын системасындагы маалыматтарды жарыя кылуунун тартиптери" бөлүмүнө өзгөртүүлөрдү жанан толуктоолорду киргизүү;

- кайсыл бир маалыматтардын эмне себептерден жана кандай жагдайларда элге жайылтылууга мүмкүн эместиги тууралуу эл массасына кеңири түшүнүк берүү.

2. Ички иштер органдарынын иштери алардын структуралык жактан туура уюштурулушуна байланыштуу экендиги далилденди, мына ошондуктан коомдук коопсуздукту камсыз кылууда алардын көп баскычтуу бөлүмдөрүнүн бүтүн бир система катары биргелешип иш жүргүзүүсүнө жетишүү. Ал

структуралык бөлүмдөр бири-бирине тикеден-тике көз каранды болбогону менен кылмыштуулуктун алдын алууда жана кылмыштуулукка каршы күрөшүүдө бир багытты көздөп иш жүргүзүшөт, бири-бирине керектүү маалыматтарды берип турушат, мына ошондуктан да бул бөлүмдөрдүн коомдук коопсуздукту сактоодо комплекстүү иш алып барышын камсыз кылуу.

3. Коомдук коопсуздукту сактоодо коомдук көзөмөлдүн зарыл экендиги аныкталды. Бул көзөмөл аркылуу ички иштер органдарынын мамлекеттик эмес субъектилер, коомдук бирикмелер жана уюмдар менен болгон өз ара мамилелери көзөмөлгө алынып турат. Коомдук коопсуздукту жана укуктук тартиптерди сактоо бир гана ички иштер органдарынын жоопту милдеттери эмес, ал үчүн калктын калың катмары жалпы иш алып барууга тийиш. Ушул себептүү да коомдук коопсуздуктун камсыз болуусуна болгон мамлекеттик эмес көзөмөлдүн укуктук жактан тартипке салынуусун өркүндөтүүгө байланышкан маселелер атайын мыйзамдык кодекстер менен бекемделүүгө тийиш.

4. Ички иштер органдарында документ толтурууну жана аларды сактоону, маалымат базаларын түзүүнү жана аларды байытууну, күч структураларынын күндөлүк иш пландарын түзүүнүн жаңы нукка буруу боюнча сунуш-пикирлер иштелип чыкты жана алар тиешелүү кызматтарга сунушталды. Азыр маалымат технологияларынын заманы, ички иштер органдарынын кызматкерлеринин күндөлүк иш-аракеттеринин натыйжаларын, кылмыштуулукка каршы күрөш жүргүзүүдө алардын кандай деңгээлде иш алып барып жатуусун аралыктан көзөмөлгө алып турууга жетишүү.

5. Коомдук коопсуздуктун камсыз болуусундагы ички иштер органдарынын мамлекеттик эмес субъектилер, коомдук бирикмелер жана уюмдар менен болгон биргелешкен аракеттеринин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн төмөнкүдөй иш-чаралардын такай жүргүзүлүп турyуcу зарыл:

а) коомдук коопсуздукту сактоодо калк ички иштер органдарынын кызматкерлери менен шериктеш жана өнөктөш деген ойдун калк арасында бекем сиңүүсү;

б) милиция кызматкерлеринин профессионалдык компетенттүүлүгүн жогорулатуу менен жалпы калктын күч структураларынын кызматкерлерине болгон ишенимин көтөрүү;

г) кылмыштуулуктун алдын алуу иш-чараларына жалпы калкты, коомдук бирикмелерди жана уюмдарды тартуу;

д) “коомдук консультация” кыймылын өнүктүрүү жана муну менен жалпы эл массасынын юридикалык жактан сабаттуулугуна, укук коргоо багытындагы актуалдуу проблемалар боюнча коомдук пикирлердин жаралышына жетишүү;

**Алынган натыйжалардын практикалык жактан маанилүүлүгү.** Биздин диссертациялык изилдөөбүз жалпы Кыргыз Республикасында, анын ичинде укук коргоо багытында жүргүзүлүп жаткан реформаларды эске алганда бир топ теориялык жана практикалык мааниге ээ. Диссертациялык изилдөөнүн жоболору төмөнкүдөй багыттарды көздөдү:

– мыйзам чыгаруучулук - диссертациялык изилдөөлөрүбүздүн натыйжалары Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин

милдеттерин жана кызматтарын тактоо багыттарында республиканын мыйзамдарын өркүндөтүү, аларга толуктоолорду жана айрым өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштарды иштеп чыгууга мүмкүнчүлүктөрдү жаратты;

– илимий-практикалык багыттар – илимий изилдөө иштерин жүргүзүүнүн натыйжаларында берилген сунуш-пикирлер Кыргыз Республикасынын укук коргоо системасына реформа өткөрүүдөгү жалпы коомчулуктун жана ички иштер органдарынын коомдук коопсуздукту сактоодогу жаңы кадамдарга баруусуна бир топ мүмкүнчүлүктөрдү түзөт;

– колдонулуу багыттары - Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ыкчам жана натыйжалуу аракетке келүүчү чакан топторун түзүү;

– окуу процессинде - диссертациялык изилдөөнүн авторунун жоболору, рекомендациялары юридикалык атайын орто жана жогорку билим берүүчү окуу жайларында “Мамлекеттин жана укуктун теориясы”, “Конституцилык укук”, “Административдик укук”, “Административдик процесс”, “Административдик жоопкерчилик”, “Сот жана укук коргоо органдары” сыяктуу окуу дисциплиналарын окуп, үйрөнүүдө колдонулат.

Көңүл бурганыңыздар үчүн рахмат!

**Төрага:** Изденүүчүгө суроо берип талкулоого өтөлү.

: Урматтуу кесиптештер, мамлекеттик тилде жазылган бул илимий изилдөө иши укук илиминдеги чоң жетишкендик деп эсептейм, Кулдышев А. Өзү практика иштесе да менен илимий жетекчиси чоң илимий багытында иш аткарды деп эсептеймин. Диссертация боюнча бүгүнкү отурумда талкуулап жаткан диссертациялык иштин темасы абдан актуалдуу. Менин суроом: кандай илимий методдорду колдондунар, сиздин баяндаманызда методдор боюнча соз болбоду?

**Кулдышев А.Ш.:** Суроонузга чоң рахмат. Туура, убакыт чектелгенине байланыштуу методтор боюнча айткан жокмун. Бирок, диссертациялык изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине ылайык илимий таанып-билүү методдору колдонулду. Биринче кезекте, биз тигил же бул проблеманы социалдык мазмуну жана юридикалык формалары менен биргеликте изилдөөгө мүмкүнчүлүк түзүүчү жалпы илимий диалектикалык методду пайдаландык. Бул метод, ошондой эле, биз изилдөөгө алып жаткан ички иштер органдарынын иш-аракеттеринин укуктук принциптерине жана регламентациясына системалык анализ берүүгө мыкты мүмкүнчүлүктөрдү түздү деп айталабыз. Системалык структуралык методду да колдондук Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын иш-аракеттерин, күч структураларынын мамлекеттик бийлик органдары, аткаруу бийликтери жана жалпы коомчулук менен болгон өз ара мамилелерин жана биргелешкен аракеттерин, коомдук укук тартиптерин сактоонун нормативдик укуктук жана аналитикалык базаларын административдик-юрисдикциялык контексте изилдөөгө алууда кеңири колдонууга мүмкүнчүлүк болду.

Салыштырма-укуктук методдорду коомдук өнүгүүнүн түрдүү этаптарында колдонулуп келген укуктук мыйзамдарды салыштырууда, алардын артыкчылык-кемчиликтерин, өз мезгилдеринде аткарган кызматтарын аныктоодо, алардын ар

бирине салыштырмалуу түрдө баа берүүдө колдонулду. Бардык нерсе, алардын түрдүү сапаттары, бири-биринен болгон артыкчылыктары же кемчиликтери аларды өз ара салыштыруу аркылуу аныкталат жана мына ошондуктан салыштырма методду биз өз ишибизде кеңири колдоно алдык.

Логикалык методду колдонуу укук коргоо багытындагы аткарылып жаткан иш-чаралардын түпкү маани-маңызына сүңгүп кирүүдө, аларга терeңдете анализ жасоодо, иштин сырткы формасына эмес анын ички мазмунуна жана сапаттык көрсөткүчтөрүнө баа бере билүүдө бизге мыкты мүмкүнчүлүктөрдү түзө алды.

Социологиялык жана статистикалык методдор жыйналган укуктук практикаларды жана тажрыйбаларды жалпылоо максатында колдонулуу менен биздин диссертациялык ишибиздин темасына жооп бере ала турган эмпирикалык маалыматтарды талдоого алууга бизге шарт түзүп берди.

Тарыхый-укуктук метод Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын басып өткөн тарыхый жолуна баа берүүдө, күч структураларына реформа жүргүзүүнүн себептерин жана зарылчылыктарын изилдөөгө алууда колдонулду.

: Дисертациянын актуалдулуугу талашсыз, менин суроом Кыргыз Республикасынын бийлик органдарынын системасындагы ички иштер органдарынын орду жана кандай функцияларды аткарат?

**Кулдышев А.Ш.:** Суроонузга терең ыраазычылык билдирем. Азыркы учурда ички иштер органдарына реформа жүргүзүү, бир тараптан, укук тартиптерин сактоого багытталса, экинчи тараптан, жарандарга укуктук кызмат көрсөтүүнү, алардын жашоо-шартын ыңгайлаштырууну максат кылууда. Муну өзү ички иштер органдарынын кызматкерлеринин элге жакын болуусун, калктын түрдүү социалдык топтору, алардын өкүлдөрү менен тыгыз карым-катышта болуусун шарттап турат.

Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын негизги кызматтары катары төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот:

– административдик функция. Бул ИИБдин аппараттарынын жана бөлүмдөрүнүн коомдук коопсуздукту жана тартипти камсыз кылуу боюнча аткаруучу-тартипке салуучу кызматы.

Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары бул функциясынын чегинде түрдүү кылмыштар, административдик кылмыш жоруктары боюнча мыйзам талаасынан чыкпай тиешелүү чараларды көрө алат, аларга берилген жазалардын аткарылышын көзөмөлдөйт.

– профилактикалык-алдын алуучулук функция. Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары кылмыштуулуктун алдын алуу, алардын санын кыскартуу боюнча жергиликтүү калк менен биргеликте түрдүү иш-аракеттерди жүргүзөт. Мындай иш-аракеттер криминалдык жана административдик укук тартибин бузууларга өбөлгө түзүүчү себептерди жана шарттарды аныктоого багытталган.

– кылмыш-жаза – процессуалдык функциянын чегинде ички иштер органдарынын кызматкерлери кылмыш боюнча келип түшкөн арыз, билдирүүлөргө карата тез аранын ичинде аракет кылууга жана криминалдык

укук тартибин бузуулар боюнча сотко чейинки иликтөө, текшерүү иштерин жүргүзүүгө тийиш.

– оперативдик-издөө функциясы боюнча ИИБ кызматкерлери, аталышынан эле белгилүү болуп тургандай, кылмышкерди же кылмышка шектүүлөрдү, сотко чейинки тергөөдөн, кылмышына жараша жаза өтөөдөн качкандарды, дайынсыз жоголгондорду издөөгө алат.

– уруксат берүүчү функция. Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын кызматкерлери бул функция боюнча кирүүгө тыюу салынган жайларга зарыл учурларда тиешелүү кызматтарга, уруксат кагаздары боюнча жеке адамдарга жана юридикалык жактарга кирүүгө уруксат берет, жол кыймылынын коопсуздугун сактоо, кооптуу жайлар, тиешелүү курал-жарактарды алып жүрүүнүн коопсуздугун сактоо, айрым коркунучтуу абалдар түзүлгөндө өзүн өзү сактоо, башкаларга жардам көрсөтүү боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзөт.

– Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын кызматкерлери коргоого алуу боюнча функциясынын негизинде мамлекеттик менчиктерди жана ошондой эле келишимдик негиздерде жеке адамдардын, коммуналдык ишканалардын, акционердик коомдордун, чакан ишканалардын имараттарын жана мүлктөрүн коргоого алат.

– КРнын ИИБинин кызматкерлери сервистик функциясы боюнча түрдүү себептерден улам жабыркаган жарандарга жардам көрсөтөт, укуктук-юридикалык кеңештерди берет, табият кырсыктарынын учурунда өзгөчө кырдаалдар министрлигинин кызматкерлери менен биргеликте элди, алардын мүлкүн сактоону уюштурат. Мында убактылуу мөөнөткө түзүлгөн элдик кошуундардын (дружинники) кызматы абдан чоң, мисалы 2020-жылы октярдын баш чендериндеги элдик толкундоолордо талап-тоноочулуктун болбошунда дал ушул элдик кошуундардын салымы чоң болду.

– Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын кызматкерлери маалыматтык камсыздоо функциясы боюнча ар кандай кырдаалдарга өз убагында анализ жүргүзөт жана мунун натыйжасында күтүлүүчү кылмыштуу иштердин жана аракеттердин алдын алууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Алар калкка да ар кандай кооптуу жагдайлар боюнча эскертүүлөрдү беришет жана ошол эле учурда эл менен тыгыз байланышта болуу аркылуу шектүү жана кылмыштуу кырдаалдар боюнча алардан зарыл маалыматтарды алып да турушат.

– ИИБинин кызматкерлери Кыргыз Республикасынын Ички Иштер Министрлигинин бирдиктүү маалымат системасына кирүүчү маалымат базасын түзүшөт жана анын тиешелүү деңгээлде сакталуусун камсыз кылышат.

– ички иштер органдарынын кызматкерлери маалымат-издөөчүлүк жана маалымат-аналитикалык иштерди жүргүзүшөт, бул болсо кылмыштуулуктун алдын алуу жана анын санын кыскартууга шарт түзөт.

: Диссертациялык эмгегиңизде ачык-айкындуулук принциби боюнча кандай сунуштарды бердиңер?

**Кулдышев А.Ш.:** Рахмат! Диссертацияда Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын иш-аракеттеринин ачык-айкындуулук принциптерин ишке

ашыруунун теориялык жана практикалык милдеттерин чечүү маселелери каралды жана ошондой эле укуктук мыйзамдарды өркүндөтүү жана аларды учур талаптарына дал келтирүү боюнча сунуштар иштелип чыгып, алар тиешелүү кызматтарга сунушталды. Тактап айтканда, диссертациялык иште коомдук коопсуздукту камсыз кылуу боюнча төмөнкүдөй сунуштар жана пикирлер илимий-практикалык жактан негизделип берилди:

Ачык-айкындуулук принциби деп аткаруу бийлигинин органдары тарабынан жарандарга мамлекеттик, анын ичинде коомдук тартипти сактоо боюнча саясаттардын, план-программалардын массалык маалымат каражаттары аркылуу же түздөн-түз ачык билдирилип турушун түшүнөбүз. Ар кандай мамлекеттик саясат калк үчүн бүдөмүк болбоого тийиш, жарандардын өлкөнүн жакынкы жана алыскы кадамдарын аң-сезимдүү түрдө терең түшүнүү менен ал пландардын турмушка ашырылуусуна өз салымын кошо алгандай, айрым өзгөрүүлөргө жана реформаларга психологиялык жактан даяр тургандай деңгээлде болуусу зарыл. Мамлекеттик саясаттын ачык-айкындуулугу маалымат жана сөз эркиндиктери тууралуу мыйзамдардын негизинде ишке ашат.

Ачык-айкындуулук принцибинин камсыз болуусунун төмөнкүчө эки методун бөлүп көрсөткүбүз келет:

а) маалымат берүү – ички иштер органдарынын кызматкерлеринин кылмыштуулуктун алдын алуу, кылмыштын бетин ачуу жана кылмыштуулукка каршы күрөш жүргүзүү боюнча жүргүзүп жаткан иштери тууралуу калкка маалымат берип туруу;

б) түшүндүрүү – маалыматты жөн гана берип койбостон ага түшүнүк, баяндама берүү аркылуу элге жеткирүү, талаш-тартыштуу маселелерди калк, коомдук коопсуздукту сактоого тартылган коомдук уюмдар менен биргеликте кароо жана чечүү.

Ачык-айкындуулук принцибин кармануу менен эки негизги максатка жетишүүгө болот, биринчиси, жалпы жарандардын мыйзамдуу укуктарын коргоого алуу, экинчиси, экинчиси, жеке жарандын мыйзам чегиндеги укуктарын сактоо. Укук маселеси кээде талаш-тартыштуу жагдайга да алып келет, үстүртөдөн алып караганда, конфликтке же атаандаштыкка барган эки тараптын тең жүйөөлөрү негиздүүдөй, экөөнүн тең айтканы туурадай жана эки тараптын тең укуктары бузулуп жаткандай сезилиши мүмкүн, бирок маселенин түпкү тамырына терендей киргенде баары ачыкталат.

**Төрага:** Изденип алуучуга дагын суроолорунар барбы? Жок болсо талкуугa өтүүгө уруксат бергиле. Азыр сөздү изденип алуучунун илимий жетекчиси ю.и.д, профессор Джоробекова А.М., берилет.

**Джоробекова А.М.**: Теманын актуалдуулугу шек жаратпайт. Анткени, ички иштер органдарынын иш-аракеттери, алардын татаал жана жооптуу кызматтары окумуштуу-юристтер: Е.Ю. Абдылдаев, М.В. Баглай, А.В. Губанов, А.Н.Кокотов, В.М.Корельский, Б.С.Крылов, М.И.Кукушкин, М.Н.Марченко, Г.И.Мачковский, О.Е.Кутафин, Ю.А.Тихомиров, Г.А.Туманов, В.В.Черников, В.Г.Юмашев жана башкалардын эмгектеринде кеңири чагылдырылган. Тилекке каршы, көпчүлүк юридикалык багыттардагы эмгектерде ички иштер

органдарынын кызматкерлеринин иш-аракеттери коомдук тартипти бузгандарды жоопко тартуу менен гана байланышып калган. Биз өз изилдөөбүздө коомдук коопсуздукту сактоодо жана кылмыштуулуктун алдын алууда күч органдарынын кызматкерлеринин калк, коомдук уюмдар жана бирикмелер менен биргелешип иш алып баруусун, алардын өз ара мамилелеринин чыңдалышын камсыз кылуунун маани-маңызын изилдөөгө басым жасадык жана бул боюнча бир топ сунуштарды иштеп чыктык.

Диссертациялык изилдөө жүргүзүүгө киришүү алдында Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарында жүргүзүлүп жаткан реформалардын өзгөчүлүктөрүнө анализ жасоону, алардын айрым артыкчылык-кемчиликтерин аныктоону, өлкөбүздүн ички иштер органдарынын мурунку, азыркы, келечекте күтүлүүчү абалдарын, алардын укуктук принциптерин, өз мезгилдериндеги коомдо алган ордун изилдөөгө алууну, күч структураларынын кызматкерлеринин коомдук тартипти сактоодогу иш-аракеттеринин натыйжалуулугун көтөрүү боюнча сунуш-пикирлерди иштеп чыгууну өз алдыбызга максат кылып койдук.

Биздин диссертациялык изилдөө иштерибизде ата-мекендик юридикалык адабияттардын жана изилдөөлөрдүн ичинен алгачкы жолу Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарына реформа жүргүзүүнүн шарттарындагы алардын иш-аракеттеринин уюштурулушунун теориялык принциптерине комплекстүү түрдө изилдөө жүргүзүлдү.

Диссертациялык изилдөө иштеринин илимий жаңычылдыгы анда Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарына коомубуздагы туташ реформа жүргүзүүгө байланыштуу заман талаптарына жооп бере ала турган жаңы жоопкерчиликтердин, күч структураларынын кызматкерлеринин мурдагы эски стереотиптерден арылып, коомдун өзгөрүүсүнө байланыштуу аларга жаңы милдеттердин жүктөлүп жаткандыгы менен аныкталат. Кыргыз Республикасынын жалпы укук коргоо системасын реформалоода теориялык да, практикалык да чоң мааниге ээ төмөнкүдөй бир топ жоболорду иштеп чыктык жана аларды күч структураларынын тиешелүү органдарына жана бөлүмдөрүнө сунуш кылдык.

Илимий жетекчи катары, жыйынтыктап айтканда, бул диссертациялык изилдөөнү өз алдынча аякталган илимий эмгек катары бааласак болот жана ачык коргоого татыктуу деп эсептеймин.

Кулдышев Аманбек Шерипбекович диссертациялык изилдоо Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык Комиссиясынын диссертациялык эмгектерге койгон талаптарына толугу менен жооп берет жана дал келет деп эсептейм.

Жогорудагыларды эске алуу менен 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алууга даярдалган Кулдышев Аманбек Шерипбекович “**Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын иш-аракеттеринин теориялык-укуктук маселеренин жөнгө салуу**” аттуу темада жазылган

кандидаттык диссертациясын юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууга татыктуу.

Мына ошондуктан урматтуу коллегалар колдоп жана изденип алуучумдун илимий эмгегин жалпы ачык коргоого сунуштооңуздарды суранамын.

**Төрага**: Дагы Кулдышев А.Ш.ке суроо барбы? Жок болсо, ишибизди улантaлы. Бүгүнкү отурумдун катышуучулары диссертациянын жакшы жактарын айтышты. Мен дагы авторго ийгилик каалоо менен бирге диссертациялык ишти диссертациялык кеңеште коргоого сунуштайм.

Жогорудагы айтылган сын прикирлерди эске алуу менен аны коргоого сунуштасак болот. Добуш берүүңүздөрдү суранам.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы:

“ Макул” – талкууга катышкан бардыгы.

“ Каршы”- жок.

“ Калыс” – жок .

Добуш берүүнүн жыйынтыгы боюнча Кулдышев А.Ш. диссертациясын короого “ макул” болгондор.

**Отурумдун корутундусу**:

12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алууга даярдалган **Кулдышев Аманбек Шерипбековичтин “Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын иш-аракеттеринин теориялык-укуктук маселеренин жөнгө салуу”**темасындагы кандидаттык диссертациясын боюнча талкуу.

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасынын коопсуздук жана коргонуу системасынын тийиштүү деңгээле иштеп туруусу, калктын тынч жана жакшы жашоосу, алардын мыйзам чегиндеги укуктарынын, кызыкчылыктарынын жана эркиндигинин сакталышы Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин, укук коргоо органдарынын, жалпы эле мамлекеттик бийлик органдарынын натыйжалуу иш-аракеттери аркылуу камсыз болот.

Кыргызстандын ички жана сырткы саясаттарындагы багыттарды кайрадан карап чыгуу, геосаясий жана геостратегиялык өзгөрүүлөр мамлекеттин ички коопсуздугун камсыз кылуу системасындагы жаңы ыкмаларды талап кылууда жана мында ички иштер органдарынын иш-аракеттерине жана алардын алга карай умтулган демилгелүүлүктөрүнө чоң жоопкерчиликтер жүктөлөт.

Аталган реформалардын турмушка ашырылуусунда ички иштер органдары менен калктын, мамлекеттикбийлик органдарынын өз ара мамилелери, коомдук коопсуздукту сактоодогу алардын биргелешкен аракеттери чоң мааниге ээ.

Дүйнөнүн демократиялык мамлекеттерининички иштер органдарынын иш-аракеттерин калкка жана коомчулукка кызмат көрсөтүүнүн бир түрү катары кабыл алышкандыгын эске алуу менен биз да күч структураларынын кызматкерлеринин кызматтары - кылмышкерди жазага тартуу гана эмес

кылмыштуулуктун алдын алуу, калкка укуктук жана социалдык жактан жардам көрсөтүү деген түшүнүккө өтүүбүз, укук коргоо органдарына жана алардын кызматкерлерине болгон калктын ишенимин жана урмат-сыйын калыптандыруубуз зарыл. Жалпы калктын гана эмес, ар бир жарандын аң-сезиминдеички иштер органдары мени да ар кандай ички кооптуулуктардан жана коркунучтардан жекече коргоого алат деген бекем ишеним болмоюн, күч структураларынын алдыга койгон стратегиялык милдеттери натыйжалуу түрдө ишке ашпайт.

**Коюлган максатты жүзөгө ашыруу үчүн төмөнкү милдеттер чечилди**:

– Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын иш-аракеттеринин теориялык-методологиялык негиздерин ачып көрсөтүү;

– Кыргыз Республикасынын бийлик органдарындагы жана башкаруу системасындагы ички иштер органдарынын ордуна жана кызматтык милдеттерине анализ жасоо;

– ички иштер органдарынареформаларды жүргүзүүнүн теориялык моделдерин иштеп чыгуу, алардын коомчулук тарабынан кабыл алынгандарын ишке киргизүүгө жетишүү;

– ички иштер органдарына, алардын учурда жүргүзүпжаткан иштерине функционалдык мүнөздөмө берүү;

– ички иштер органдарынын иштерин өркүндөтүүнүн негизги багыттарын иштеп чыгуу;

– ички иштер органдарынын статусун укук коргоо багыттарындагы социалдык шериктештиктин субъектиси катары ачып берүү;

–ички иштер органдары менен жарандык коомдун шериктештик мамилелерин өнүктүрүүнүн багыттарын аныктоо.

**Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси.** Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында алынган теориялык жоболор, тыянактар менен сунуштар укуктун теориясын, жазык, жазык-процессуалдык укуктун теориясын мындан ары өнүктүрүүдө; бул багытта максаттуу изилдөөлөрдү жүргүзүүдө; мыйзам чыгаруу, укукколдонуу, билим берүү чөйрөсүндө колдонулушу мүмкүн.

Диссертациянын тиешелүү жоболору менен тыянактары Кыргыз Республикасында укуккоргоо ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун арттырууда, айрыкча жеке кызыкчылыктар чөйрөсүн жана ошону менен бирге мамлекеттик-укуктук саясатта, мыйзам чыгарууда, кылмыштуулукту алдын алуу ишмердүүлүгүндө колдонулушу мүмкүн.

**Диссертациянын негизги жоболору жана тыянактары** Жогорку Аттестациялык Комиссиянын тизмегине кирген илимий басылмаларда, автордун 10 (он) илимий эмгектеринде жарык көргөн.

**Диссертациянын адистике туура келиши.** Изденүүчү **Кулдышев Аманбек Шерипбековичтин "Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын иш-аракеттеринин теориялык-укуктук маселеренин жөнгө салуу"** темасындагы аткарылган диссертациясын өзүнүн түзүлүшү жана мазмуну боюнча 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистигине туура келет.

**ТОКТОМ КЫЛАТ**:

1. 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасына изденүүгө көрсөтүлгөн изденүүчү **Кулдышев Аманбек Шерипбековичтин "Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын иш-аракеттеринин теориялык-укуктук маселеренин жөнгө салуу"** темасындагы кандидаттык диссертациясынын ... талкулоо боюнча **корутундусу** бекитилсин.

2. **Кулдышев Аманбек Шерипбековичтин "Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын иш-аракеттеринин теориялык-укуктук маселеренин жөнгө салуу"** темасындагы кандидаттык диссертациясы **жактырылсын** жана кошумча талкуулоонун жүрүшүндө келтирилген сын-пикирлерди эске алуу менен диссертациялык кеңеште 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын коргоого сунушталсын.

**Отурумдун төрагасы**:
саясий (юридика) илимдеринин доктору,
доцент **К. Азиз**

**Отурумдун катчысы**:
саясий илимдеринин кандидаты **Ч.Ш. Абдраманова**